КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

«27» декабрь 2022-ж. Бишкек ш. № 1/227

"Өрт коопсуздугунун талаптарын
жана эрежелерин сактоо жөнүндө"

Университеттин кампустарындагы окуу имараттарда, жатаканаларда, окуу-өндүрүш борборлорунда жана чарбачылык иштерди жүргүзүүчү кошумча жайларда өрткө каршы ченемдердин талаптарын эрежелерин дайыма сактоо максатында жана жаңы жылдык иш-чараларды коопсуздукта өткөрүү үчүн **буйрук берем:**

1. Университеттин кампустары жана айлана-чөйрөсү КРӨнүн 15.12.2020-ж. №607 токтомунун жана КМТУнун өрт коопсуздугу боюнча инструкцияларына ылайык 28.12.2022-ж.чейин катуу тартипке келтирилсин
2. Университет боюнча жаңы жылдык иш-чараларды өткөрүү үчүн өрт жана техника коопсуздугуна башкы инженер Ашымбаев Э.Т. жоопкер болуп бекитилип, кампустарга жоопкер кызматкерлерди дайындасын.
3. Башкы инженер Ашымбаев Э.Т. төмөндөгү иш-чараларды аткарууну камсыздасын:
    - электр тармактарынын, алгачкы өрт өчүрүү каражаттарынын абалы текшерилип, кабар берүү системасы текшерүү;
    - электр жарыгы кокустуктан өчүп калган учурга нөөмөт кызматкерлерди жарык берүүчү каражаттар (фонарь) менен камсыздоо;
    - жаңы жылдык балаты бекем орнотулуп, отко чыдамдуу материалдардардан жасалган оюнчуктар менен коздолуп, кебез жана даки колдонулбасын;
    - жаңы жылдык иш-чараларды өткөрүү учурунда химиялык заттар жана ачык от (свеча, фейерверк, бенгал оттору, хлопушка, пиротехникалык буюмдар ж.у.с.) каражаттары колдонууга тыюу салуу;

    чыгуу жолдорунунда тоскоолдуктарды жаратпоо жана өрткө каршы, тез жардам автомашиналары үчүн жолдор бош болушун камсыздоо
4. Имараттардын жана жатаканалардын коменданттары:
    - чатыр, подвал жана цоколь кабаттарында оңой от алуучу жана тез күйүүчү суюктуктарды, дары-дармекти, жарылуучу заттарды,

пиротехникалык жасалгаларды, күйүүчү газ толтурулган баллондорду, аэрозоль кутучадагы товарларды, целлулоид ж.б. өрт чыгаруучу жана жарылуучу заттар менен материалдарды сакталбашын жана колдонбоону камсыздашсын.

- жатаканаларда жашаган студенттер үчүн өрт коопсуздугун алдын алуу үчүн инструктаж пландан тышкары өткөрүлсүн;
- бөлмөлөрдө электр түйүнүнө бир эле учурда колдо бар бардык электр приборлору розеткага сайылбасын.

5. Майрамдык иш-чараларды өткөрүү учуруна кызматкерлер арасынан нөөмөтчүдүк (дежурство) уюштурулсун жана аларды өрткө каршы иш аракеттери жөнүндө инструктаж берилсин.
6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө АЧИ боюнча проректор А.Т.Асиевге жүктөлсүн.

Ректор М. К. Чыныбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов